# №14 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО

**30.11.2025**



## №1 Жумабекова Турдукан Абдыкарыевна

**Туулган датасы:** 11.11.1965
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КУУ, профессор

*"Илимпоз юрист – кызматым элиме!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

1. Аялдар жана балдарды коргоо;
2. Айыл эмгекчилерин жана ички мигранттарды колдоо;
3. Сапаттуу билим жана илимди өнүктүрүү;
4. Улуттук баалуулуктарды жана маданий мурасты сактоо.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел: 0700 56 52 59
Почта:depjumabekova@mail.ru



## №2 Дуйшенбиев Райимберди Сейдакматович

**Туулган датасы:** 11.12.1974
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КР Куралдуу күчтөрүнүн генерал-майору

*"Өлкөбүздүн келечегин чогуу куралы!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин биздин региондун муктаждыктарын жана керектөөлөрүн эске алуу менен бөлүштүрүү боюнча сунуштарды киргизүү;
2) Жумушсуздук деңгээлин төмөндөтүү, жалпы жумуш менен камсыз кылуу жана татыктуу эмгек акы алуу, ошондой эле чакан жана орто бизнестин кызыкчылыктарын колдоо;
3) Пенсионерлердин жана калктын социалдык жактан корголбогон башка катмарларынын бакубаттуулугун жогорулатуу;
4) Айыл чарба жана мал чарбачылыктын көйгөйлүү секторлоруна мамлекеттик колдоону күчөтүү;
5) Социалдык жардам көрсөтүүгө даректүү жана дифференцияланган мамиле кылуу – менин негизги милдеттерим.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0502 444-441
Почта: baitoloev0507@mail.ru



## №3 Борбиев Болотбек Ибраимович

**Туулган датасы:** 24.04.1967
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
убактылуу иштебейт

*"МЕНИН НЕГИЗГИ МАКСАТЫМ – ЭЛ ҮМҮТҮН АКТОО!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

- Коррупциянын алдын алуу жана жаза чараларын күчөтүү боюнча мыйзам чыгаруу демилгелери;
- Мамлекеттик башкарууну жана мамлекеттик, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүүнү күчөтүү;
- Улуттук кызыкчылыктарды, туруктуу өнүгүүнү жана коопсуздукту биринчи орунга коюу;
- Региондордогу чакан жана орто бизнести салыктан жана башка төлөмдөрдөн бошотуу же жеңилдиктерди берүү;
- Инфратүзүмдү өнүктүрүү жана жергиликтүү өндүрүшчүлөр үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;
- Эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо жана алардын үй-бүлөлөрүн колдоо;
- Айылдарды, чакан шаарларды өнүктүрүү жана экология.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: +996 555 918 909 /
Элетрондук почта: asanoveco@gmail.com



## №4 Эсенкулов Арно Толобекович

**Туулган датасы:** 03.10.1985
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
убактылуу иштебейт

*"Элдин жашоосун жеңилдеткен мыйзам - өлкөнүн келечегин жеңилдетет!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

- Жеңил кызмат - тез жана ачык: Кезек күтүүнү токтотобуз. "Бир терезе" принцибин киргизебиз;
- Экономикалык күч - жаштарга жол: Стартап жана грант программалары менен жаштарды колдойбуз;
- Социалдык колдоо ар бир үй-бүлөгө: Жаш үй-бүлөлөргө жеңил турак жай;
- Мугалимдерди, дарыгерлерди жана коомдук кызматкерлерди колдоо.
- Билим жана келечекке мүмкүнчүлүк ачуу: Айылдагы мектептер жана жаштар борборлорун өнүктүрөбүз;
- Ачык жана адилет башкаруу - жоопту бийлик.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0704813444
Почта:Arno-1985@list.ru



## №5 Култаева Гулшаркан Оконовна

**Туулган датасы:** 24.10.1972
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
убактылуу иштебейт

*"ЭЛДИН ҮНҮ МЕНИН БАГЫТЫМ!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Мен Жогорку Кеңешке жарандардын кызыкчылыктарын коргоп, алардын бийликтеги өкүлү, добушу болуу жана алардын жашоо-турмушуна оң таасир этken мыйзамдарды чыгаруу үчүн кайра аттандым. Мындай ишеним менен адамга, эмгекке жана үй-бүлөгө урмат-сыйга негизделген күчтүү мамлекетти түзүүгө көмөк көрсөткүм келет. Жогорку жетекчиликтин өлкөбүз үчүн жасап жаткан демилгелерин колдоп, бул үчүн зарыл болгон жоопкерчиликтүү жана эффективдүү мыйзам чыгаруу бийлигин калыптандырабыз.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: +996 504 188 190



## №6 Мамытканова Тамара Акимжановна

**Туулган датасы:** 01.10.1973
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Жетекчи, Кара-Көл шаардык
Спорттук - техникалык коргоо уюму

*"Биздин аймак, Биздин өлкө!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Эн негизгиси – күчтүү команда жана чыныгы масштабдуу иштерди баштоо үчүн жөндөм бар болуусу керек. Жогорку Кеңештин депутаты болуу — бул жарандардын мыйзамдуу талаптарын аткаруу, алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо дегенди түшүндүрөт. Биздин милдет - биринчи кезекте стабилдүүлүктү, экономиканы өстүрүү керек.
1. Финансылык багытта;
2. Социалдык багытта;
3. Агрардык жаатында иш алып баруу.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0705737377, 0779748794
Почта: mamyt.kanova@mail.ru



## №7 Утурбаева Марияkан Төлөгөновна

**Туулган датасы:** 05.06.1969
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Элдик Курултайдын катчылыгынын эксперти

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Билим берүү: жеткиликтүү, сапаттуу билим, санариптештирүү. Саламаттык сактоо: биринчи медицинаны жакшыртуу, инфраструктура жана дары-дармек жеткиликтүүлүгү.
Социалдык коргоо: жаш адистерге турак жай, көп балалуу жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды колдоо.
Экономика: чакан жана орто бизнести колдоо, жаштарга жана аялдарга гранттар, жашыл экономика.
Экология: суу, токойлорду коргоо, күн/ГЭС долбоорлору, таштандыны кайра иштетүү.
Жаштар жана маданият: өнүгүү борборлору, спорт объектилери, таланттарды колдоо.
Мамлекеттик башкаруу: ачык парламент, электрондук кызматтар, коррупцияга каршы санариптик көзөмөл.
Курултай: региондук сунуштарды эске алуу, делегаттардын жоопкерчилигин күчөтүү.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
+996 778 007 169,
эл.дареги: mariauturbaeva@mail.ru



## №8 Эргешбаева Таттуубүбү Нурбековна

**Туулган датасы:** 19.12.1992
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КР ЖКнын туруктуу өнүктүрүү максаттары боюнча жумушчу топтун катчылыгынын жетекчиси, юрист

*"Элдик депутат!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Айыл чарбасын жана мал чарбасын өнүктүрүү. Айыл чарбасы көптөгөн үй-бүлөлөрдүн негизги тиреги болуп эсептелет. Ороо системаларын жана айылдык жолдорду жакшыртуу, сүт, эт, бал жана жүн сыяктуу продукцияларды кайра иштетүүнү өнүктүрүү, жеңилдетилген кредиттерге жетүүнү кеңейтүү зарыл. Мамлекеттик колдоонун натыйжалуулугун көзөмөлдөө, түшүмдү камсыздандыруу жана кооперативдерди өнүктүрүү маанилүү. Аялдар менен жаштарды айылдык ишкердикке тартуу аймактардын экономикасын бекемдейт жана жаңы жумуш орундарын түзөт.
Суу жана энергетикалык коопсуздук. Энергетика — өлкөнүн туруктуулугуна түздөн-түз таасир эткен стратегиялык тармак. Мамлекеттик жана эл аралык каражаттардын сарпталышын парламенттик көзөмөлдөөнү күчөтүү, энергетикалык компаниялардын ачыктыгын камсыз кылуу, чакан жана жашыл энергетиканы өнүктүрүү, гидротехникалык курулмалардын техникалык жана экологиялык коопсуздугун көзөмөлдөө зарыл. Энергетика кызматкерлеринин социалдык кепилдиктерин жакшыртуу өзгөчө мааниге ээ.
Адам укуктары жана үй-бүлөлөрдү колдоо. Ар бир жаран коргоого жана колдоого муктаж. Юстиция министрлигинин акысыз юридикалык жардамынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, жарандар үчүн укуктук кеңештерди жеткиликтүү кылуу, аялдар менен балдарды колдоо чараларын күчөтүү, алыста жайгашкан аймактарга мобилдүү медициналык жана билим берүү кызматтарын жеткирүү пландаштырылат. Ишкерлердин укуктук жана каржылык сабаттуулугун жогорулатуу, ашыкча текшерүүлөрдү азайтуу, ошондой эле жаштардын жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын коомдук жашоого активдүү катышуусу үчүн шарттарды түзүү маанилүү.
Жыйынтык. Өлкөнүн өнүгүүсү адамга болгон камкордуктан башталат. Мамлекет элди коргоп, ресурстар элге кызмат кылышы, айыл чарба туруктуу киреше бериши, энергетика ачык жана коопсуз болушу маанилүү. Максат — элдин кызыкчылыгын коргоо, ачыктыкты камсыз кылуу жана Кыргызстандын жаркын келечеги үчүн иштөө.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0555 13 75 50



## №9 Жапарова Жеңишгүл Молдокеримовна

**Туулган датасы:** 08.05.1985
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
№10 Казатов атындагы орто мектеби, башталгыч класстын мугалими.

*"Өнүккөн аймак – ар бир үй-бүлөнүн бакубат жашоосу!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Мамлекеттик ипотекалык компания аркылуу турак жайга муктаж жарандарды үй менен камсыз кылуу. Сүт жана этти кайра иштетүүчү заводду экспортко чыгуу мүмкүнчүлүгү менен куруу. Совет доорундагы май,нан заводду калыбына келтирип, заманбап технологияларды киргизүү менен иштетүү. Кичи жана орто ишканаларды колдоо,муну менен жумуш орундарынын көбөйүшү жана миграциянын азайышын алып келет.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0504714444
Почта: zenisgul32@gmail.com



## №10 Сулайманов Кундузбек Кошалиевич

**Туулган датасы:** 02.03.1967
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КР Жогорку Кеңешинин депутаты

*"КЫЗМАТЫМ – ЭЛИМДИН БАКУБАТ ЖАШООСУ ҮЧҮН!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Менин программамдын негизи — билим, инновация жана адилет башкаруу аркылуу өлкөнү жаңы баскычка чыгаруу. Аймактардын тең өнүгүүсү - биримдик менен туруктуулуктун негизги шарты деп ишенем. Социалдык жана экономикалык багыттарды өнүктүрүүгө мыйзамдарды демилгелеп, кабыл алууга даярмын. Санариптешүү, жаранга электрондук кызматтарга бирдей мүмкүнчүлүк түзөт. Инвестицияны коргоо ишкерлерди колдоо мыйзамдары, жаңы жумуш орундарын түзүүгө жол ачат. Үй-бүлө жана балдар боюнча мыйзамдар алардын укуктарын коргоп, жоопкерчиликти бекемдейт. Мыйзамдардын аткарылышы, бюджеттин туура пайдаланылышы жана жарандардын укуктары менин катуу көзөмөлүмдө болот. Аймак инвестиция, агротехнология жана жашыл энергия демилгелери өндүрүштү жана жергиликтүү экономиканы жандандырмакчы. Билим берүүдө ыйман, адеп жана инновацияны күчөтүү, жаштарга гранттар менен стажировкаларды ачуу — келечекке салынган инвестиция. Урматуу Президентибиз Жапаров Садыр Нургожоевичтин негизги багытын колдоо менен, санариптик мамлекеттик кызматтарды өнүктүрүү, бюрократияны кыскартып, "1 документ – 1 терезе – 1 мүнөт" принциби менен элге кызмат кылган бийликти курууга мыйзамдык шарт түзөм.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: +996 555 28 23 70
Почта: эл. почта: s.kunduzbek@mail.ru



## №11 Толубаева Нураида Нуржакыповна

**Туулган датасы:** 18.06.1987
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КРСУнун Юридикалык факультетинин башкы адиси

*"Билимдүү жаштар, өнүккөн өлкө!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

1. Менин негизги максатым – элдин жашоо турмушун жакшыртууга өбөлгө түзгөн мыйзамдарды иштеп чыгуу.
2. Улуттук долбоорлорду ишке ашырууда Кыргызстандын кызыкчылыгын пайда кылуу, коргоо жана өнүктүрүү.
3. Жалпы республикалык тестирлөөгө мектеп статустарына жараша өзгөртүүлөрдү киргизүү же болбосо босого баллды кайра карап чыгуу менен жаштардын билим алуусуна өбөлгө түзүү.
4. Айыл аймактарын өнүктүрүүгө, билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана спорт объектилерин оңдоп түзөөгө өзгөчө көңүл буруу.
5. Жергиликтүү тургундардын кызыкчылыктарын колдоо, билим берүүнү жакшыртуу, ден соолукту чыңдоо, чакан жана орто бизнестерди өнүктүрүү. Тышкы миграцияны азайтуу жаатындагы мыйзамдарды иштеп чыгуу.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0222252521
Почта: askonuri2018@mail.ru



## №12 Бердимуратова Гүлжан Калпакбаевна

**Туулган датасы:** 05.09.1970
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
№89 Кесиптик лицей, директор

*"Билимдүү, адилет жана жоопкерчиликтүү Кыргызстан!"*

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

1. Билим берүү тармагындагы коомго өтө маанилүү маселелерди мамлекеттик деңгээлде ишке ашыруу;
2. Гендердик адилеттүүлүк жана аялдарды зомбулуктан коргоо боюнча мыйзамдык демилгелер;
3. Аймактарды өнүктүрүү жана энергетикалык тең салмак боюнча мыйзамдык демилгелер;
4. Жаштар саясаты жана келечекке инвестиция.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: +996500183921
Почта: guldungulu@mail.ru

## СИЗДИН ДОБУШУҢУЗ – СИЗДИН КЕЛЕЧЕГИҢИЗ!

Талапкердин программасынын орфографиясы менен пунктуациясы сакталган



Нускасы 154 экз. Буйрутма № 426